# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
# КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН
# АНЫКТАМАСЫ

А. Абдукаликовдун кызыкчылыгын көздөгөн А.Т. Исраиловдун өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө

2023-жылдын 8-декабры                                        Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: Ж.А. Шаршеналиев, Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, катчы М.С. Ибраевдин катышуусунда жаран А. Абдукаликовдун кызыкчылыгын көздөгөн А.Т. Исраиловдун өтүнүчүн карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна 2023-жылдын 4-декабрында А. Абдукаликовдун кызыкчылыгын көздөгөн А.Т. Исраиловдун Кыргыз Республикасынын Административдик процесстик кодексинин 110-беренесинин 8-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 40-беренесинин 1-бөлүгүнө, 56-беренесинин 2-бөлүгүнө жана 61-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Арыздануучунун айтымында, 2001-жылдын 7-мартында Ноокат районун Т. Зулпуев айыл өкмөтү тарабынан А. Абдукаликовго “Барын” айылынан жер ажыратып берүү боюнча токтом чыгарылган. Бирок аталган жерге 2011-жылдын 10-февралында Ноокат райондук мамлекеттик каттоо башкармалыгы тарабынан башка жаран С.Н. Абжаловго мамлекеттик акт берилгендиктен, арызданууну бул маселе боюнча Ош областтык административдик сотуна доо арыз менен кайрылган.

Арызылануучу жогоруда көрсөтүлгөн жер маселеси ар кайсы сот инстанцияларында каралып, бирок арызылануучу талашып жаткан актынын кабыл алынгандыгына 10 жылдан ашык мөөнөт өткөнүнө байланыштуу, анын доо арызы боюнча козголгон административдик сот өндүрүшү токтотулгандыгын белгилейт.

Бул жагдай, кайрылуу субъектисинин пикиринде, Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен корголгон жерге болгон укугун одоно түрдө бузган жана аны сот аркылуу калыбына келтирүү укугун алып салган.

Өтүнүчтүн автору өзүнүн жүйөлөрүнө негизмеде катары Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 40-беренесин, 56-беренесинин 2-бөлүгүн жана 61-беренесинин 1-бөлүгүн келтирген, аларга ылайык ар бир адам өзүнүн мүлкүнө, өз ишмердигинин натыйжаларына ээлик кылууга, пайдаланууга жана тескөөгө укуктуу; Кыргыз Республикасында адамдын укуктарын жана эркиндиктерин жокко чыгаруучу же кемсинтүүчү мыйзамдар кабыл алынбайт; ар бир адамга өзүнүн Конституцияда, мыйзамдарда, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдерде, эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптеринде жана ченемдеринде каралган укуктарын жана эркиндиктерин сот аркылуу коргоого кепилдик берилет.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, А. Абдукаликовдун кызыкчылыгын көздөгөн А.Т. Исраилов талашылып жаткан ченемдик жобону Конституцияга карама-каршы келет деп таанууну өтүнөт.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья-баяндамачы Ж.А. Шаршеналиевдин маалыматын угуп, төмөнкү тыянакка келди.

Судьялар коллегиясы келтирилген материалдардан Кыргыз Республикасынын Административдик процесстик кодексинин 110-беренесинин 8-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде аныксыздыктын пайда болуусу байкалат жана бул ишти конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында кароого негиз бар деп эсептейт.

Берилген өтүнүч "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19, 21, 26, 27, 28-беренелеринин талаптарына ылайык келет.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2-бөлүгүн, 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. А. Абдукаликовдун кызыкчылыгын көздөгөн А.Т. Исраиловдун Кыргыз Республикасынын Административдик процесстик кодексинин 110-беренесинин 8-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 40-беренесинин 1-бөлүгүнө, 56-беренесинин 2-бөлүгүнө жана 61-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүчү өндүрүшкө кабыл алынсын.

2. Ушул аныктама тараптар жагынан үч айдын ичинде Конституциялык сотко даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: Ж.А. Шаршеналиев

Ч.А. Айдарбекова

М.Р. Бобукеева

№_____